Предмет : Химия

Класс: 7а

Сабактын темасы: Щелочтор.

Сабактын максаты:

- Окуучулар щелочтордун касиеттерин самын жана кир кетирүүчү каражаттардын мисалында окуп үйрөнүшөт.
- Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүлөрү өсүп,салыштыруу жана жыйынтык чыгаруу жөндөмдүүлүктөрү өнүгөт.
- Коопсуздук эрежелерин сактоого,жоопкерчиликке,топто иштөөгө жана өз оюн так айтууга үйрөнүшөт.Кооптуу заттарды билдирген белгилер менен таанышат.

Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы.

Окутуу методу: 5Е модели.

Ресурстар: Суу,самын,өсүмдүк майы,химиялык стакандар кызыл лакмус фенолфталеин.

Калыптануучу көндүмдөр:Байкоо жүргүзүү,салыштыруу,жыйынтык чыгаруу,практикада щелочторду таануу.

№	5Е модели Убакыт	Иш аракет
1	1Этап:Кызыктыруу	**Максат:** Окуучулардын кызыгуусун арттыруу **Мугалим суроо коет:** Кир колду жөн эле суу менен жуусак кетеби? Эмне үчүн самын менен жуусак кетет? Кир,майланышкан идиштерди атайын каражаттар менен жууп кетиребиз. эмне үчүн?  

		Балдар өз оюн айтышат. Демек самындын,кир жуучу каражаттардын курамында өзгөчө заттар бар.Ошол заттар менен бүгүнкү сабакта таанышабыз.
2	2 Этап Изилдөө	**Максат:**Окуучулардын логикалык ой жугуртуусун остурот. **Мугалимдин иш аракети**: Окуучуларды 2 топко бөлүп,тажрыйба сунуштайт. 1-топ Натрийдин гидроксидине жана самындын эритмесине индикатор таасир этүү. Окуучулардын иш аракети: Коопсуздук эрежелери менен таанышып чыгышат. Натрий гидроксидинин эритмесинен жана самын эритмесинен 2 ден стаканга 5мл.куюшат. 1- стаканга көк лакмус кагазын салып көрүшөт,түсү өзгөрдүбү? 2- стаканга фенолфталеин индикаторун салышат,түсү өзгөрдүбү? Байкоолорун дептерге жазышып,жыйынтык чыгарышат. 3- топ Самын кирди,майды кантип кетирет? Окуучулардын иш аракети: Коопсуздук эрежелери менен таанышат. **Иштин жүрүшү:** 2 стаканга бирдей көлөмдө суу куйгула,экөөнө тең бир нече тамчы өсүмдүк майын тамчылаткыла.1-стаканга самын кошуп аралаштыргыла. 2-стакан менен салыштыргыла.Эмнени байкадыңар? Байкооңорду дептерге жазгыла.Жыйынтык чыгаргыла.
3	3 Этап Түшүндүрүү	**Максат**:Окуучулар изилдоо этабында жыйынтык чыгарып,оз оюн айтууга уйронушот. Окуучулар өз байкоолорун,жыйынтыктарын презентациялайт. 1- топтун жыйынтыгы: Натрий гидроксидинин эритмеси жана самын эритмеси кызыл лакмус кагазын көк түскө,фенолфталеинди кызгылт түскө өзгөрттү,демек,экөө тең щелочтук чөйрөнү түзөт. 2- Топтун жыйынтыгы: Майлуу сууга самын эритмесин кошкон учурда самын майды майда бөлүкчөлөргө бөлүп жуун кетирди,демек самындын курамында щелочь бар. Окуучулардын жоопторун мугалим толуктайт.
4	4Этап Кенейтүү	Бул этапта балдар самынды алуу фрагментин көрүшөт. Фарфор табакчага 3г тоң май салып,жай отто эритебиз,ага 4-5мл натрий гидроксидинин

		эритмесин кошуп,ысытабыз.Аралашма көбүктөнүп чыгат. 
5	5Этап Баалоо	**Максат**:Оуучулар алган билимин жыйынтыкташат. Чын жалган оюну: ▪ Самын кир кетирет (чын) же (жалган) ▪ Самындын курамында кислота бар (чын)же(жалган) ▪ Натрийдин гидроксидинин эритмеси лакмусту жашыл туско озгортот.(чын)же(жалган) Окуучулар оозеки жоопторунун,тажрыйба жасоодогу,презентациялоодогу бааларынын негизинде бааланат. **Калыптануучу көндүмдөр:** Байкоо жүргүзүү,салыштыруу,жыйынтык чыгаруу,практикада щелочторду таануу. **Теориялык байланыш**:Самында жана жуугуч каражаттарда щелочь бар. **Коопсуздук эрежелери.** Көзгө тийгизбөө,колго көп кармабоо,иштегенден кийин колду жуу. **Үйгө тапшырма**: Щелочтордун үй тиричилигинде маанисин жазып келүү.